## Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2017-жылдын май айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына векселдерин баштапкы рынокто жайгаштыруу боюнча төрт аукцион өткөрүлгөн. Май айында мамлекеттик казына векселдерине карата суроо-талаптын (ай ичинде -41,9 пайызга) төмөндөшүнө байланыштуу, жарыяланган эмиссиянын көлөмү да кароого алынып жаткан мезгил ичинде 300,0 млн сомду түзгөн (ай ичинде – 40,0 пайыз).

Мындан улам, мамлекеттик казына векселдерин жайгаштыруу көлөмдөрү да төмөндөгөн, алар мөөнөттүүлүгү боюнча төмөнкүчө калыптанган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде 3 айлык векселдердин сатуу көлөмү 20,0 млн сомду (ай ичинде -60,0 пайызды); 12 айлык векселдердин – 140,0 млн сомду (-36,4 пайызды) түзгөн. Бул мезгил ичинде 6 айлык мамлекеттик казына векселдери рынок катышуучулары тарабынан суроо-талапка ээ болгон эмес.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 0,7 пайыздык пунктка жогорулоо менен 4,7 пайызды түзгөн. Мында 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 2,0 пайызды (+0,5 п.п.), 12 айлык МКВлардын – 5,0 пайызды (-0,3 п.п.) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде бюджеттин тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү -454,6 млн сом өлчөмүндө түптөлгөн. Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 674,3 млн сом суммасында (+2,7 пайыз) мурда чыгарылган МКВлардын орду жабылган.

Жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү МКВлар көлөмү 4,2 млрд сомго чейин төмөндөгөн (-2,1 пайыз): МКВга негизги ээлик кылуучулардын – коммерциялык банктардын үлүшү 12,9 пайыздык пунктка, 78,7 пайызга чейин жогорулаган; институционалдык инвесторлордун үлүшү тескерисинче 12,7 пайыздык пунктка, 20,7 пайызга чейин, ал эми юридикалык жактардын-резиденттердин үлүшү 0,2 пайыздык пунктка, 0,7 пайызга чейин төмөндөгөн;

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВлар менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**



**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.06.2016 | 4 546 050,0 | 2 691 604,4 | 59,2% | 1 839 585,6 | 40,5% | 0,0 | 0,0% | 14 860,0 | 0,3% |
| 01.07.2016 | 4 669 410,0 | 2 730 525,0 | 58,5% | 1 914 675,0 | 41,0% | 0,0 | 0,0% | 24 210,0 | 0,5% |
| 01.08.2016 | 4 841 910,0 | 2 966 745,4 | 61,3% | 1 849 194,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 25 970,0 | 0,5% |
| 01.09.2016 | 4 950 910,0 | 3 018 660,4 | 61,0% | 1 891 879,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 40 370,0 | 0,8% |
| 01.10.2016 | 4 818 410,0 | 2 971 010,4 | 61,7% | 1 802 379,6 | 37,4% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.11.2016 | 4 998 910,0 | 3 176 484,1 | 63,5% | 1 777 405,9 | 35,6% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.12.2016 | 4 587 210,0 | 3 055 547,5 | 66,6% | 1 494 642,5 | 32,6% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,8% |
| 01.01.2017 | 4 307 710,0 | 2 835 547,5 | 65,8% | 1 435 142,5 | 33,3% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,9% |
| 01.02.2017 | 4 511 920,0 | 2 947 828,0 | 65,3% | 1 530 072,0 | 33,9% | 0,0 | 0,0% | 34 020,0 | 0,8% |
| 01.03.2017 | 4 713 900,0 | 3 168 404,2 | 67,2% | 1 520 525,8 | 32,3% | 0,0 | 0,0% | 24 970,0 | 0,5% |
| 01.04.2017 | 4 906 400,0 | 3 416 240,2 | 69,6% | 1 459 925,8 | 29,8% | 0,0 | 0,0% | 30 234,0 | 0,6% |
| 01.05.2017 | 4 719 100,0 | 3 583 635,2 | 75,9% | 1 107 775,8 | 23,5% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,6% |
| 01.06.2017 | 4 216 600,0 | 3 318 030,8 | 78,7% | 870 880,2 | 20,7% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,7% |

**2-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Май'2016 | 12,3 | - | 10,4 | 13,6 |
| Июнь | 10,1 | 3,2 | 9,2 | 12,3 |
| Июль | 7,8 | 2,7 | 6,4 | 10,1 |
| Август | 5,7 | 2,2 | 3,8 | 7,2 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 4,2 | 6,4 |
| Октябрь | 5,7 | 2,8 | 4,8 | 6,7 |
| Ноябрь | 5,8 | 3,0 | 4,9 | 7,4 |
| Декабрь | - | - | - | - |
| Январь'2017 | 5,3 | 2,7 | 4,3 | 6,8 |
| Февраль | 4,5 | 2,0 | 3,2 | 6,1 |
| Март | 4,1 | 1,6 | 2,8 | 5,5 |
| Апрель | 4,0 | 1,5 | 2,9 | 5,3 |
| Май | 4,7 | 2,0 | - | 5,0 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*